Ысык-Көл областы, Ак-Суу районундагы
К.Эшимбеков атындагы
орто мектебинин эмгек жамаатынын
жалпы чогулушунда кабыл алынды.
«_28_»___09.2022___ жыл.
№__1___ протокол

# К. Эшимбеков атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин администрациясы жана баштапкы профсоз уюмунун ортосундагы билим берүү кызматкерлеринин социалдык, кесиптик, эмгектик укуктарын коргоо максатында 2022-2024-жылдарга карата кабыл алынган

# ЖАМАТТЫК КЕЛИШИМИ

## 1. Жалпы жоболор

**1.1. Ушул жамааттык келишим Ысык-Көл областындагы Ак-Суу районуна караштуу К Эшимбеков атындагы орто мектебинин администрациясынын атынан орто мектептин директору Токторбаева Н.Т (мындан ары жумуш берүүчү) менен мектептин профсоюздук комитетинин атынан профкомдун төрагасы Усупов А.Ж(мындан ары профком) ортосунда түзүлдү жана билим берүү уюмундагы социалдык-эмгектик мамилелерди жөнгө салуучу укуктук акт болуп саналат.**

**1.2**. Жамааттык келишим билим берүү мекемесинин кызматкерлеринин социалдык, эмгектик жана кесиптик таламдарын коргоо жана кызматкерлер үчүн кошумча социалдык-экономикалык, укуктук жана кесиптик кепилдиктерди, жеңилдиктерди белгилөө, ошондой эле мыйзамдарда, башка ченемдик актыларда белгиленген шарттарга салыштырганда эмгектин кыйла жагымдуу шарттарын түзүү боюнча макулдашылган чараларды көрүү максатында КР Конституциясына, КР Эмгек кодексине, «Билим берүү жөнүндө», «Профсоюздар жөнүндө», «Мугалимдин статусу жөнүндө» мыйзамдарга жана билим берүү мекемесинин Уставына ылайык түзүлгөн.

**Жамааттык келишим:-** Туруктуу жана натыйжалуу ишке, кызматкерлерди материалдык жана социалдык камсыздоону жогорулатууга, ишкердик беделди чындоого максималдуу көмөк көрсөтө турган социалдык-эмгектик мамилелердин системасын түзүү;

- Эмгек жамаатынын ичинде жагымдуу жагдайды түзүү максатын көздөйт.

**1.3.** Мекеменин кызматкерлери өздөрүнүн өкүлдөрүнүн атынан чыккан -баштапкы профсоюз уюму (профсоюз), жумуш берүүчүнүн атынан чыккан мектептин директору (жумуш берүүчү) жамааттык келишимдин тараптары болуп эсептелишет.

**1.4.** Ушул жаматтык келишим үч жылдык мөнөөткө түзүлдү жана ага тараптар кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет.

**1.5**.Тараптар социалдык өнөктөштүк принцибин таануу менен төмөндөгүлөргө милдеттенишет:

**Жумуш берүүчү:-**Жамааттык келишимди даярдоодо жана түзүүдө баштапкы профсоюз уюмунун шайланган органын кызматкерлердин эмгек, эмгек акы, жумуш убактысын узактыгы, эмгекти коргоо шарттары, өргүүгө чыгаруу, турак жай берүү, социалдык-тиричилик жеңилдиктери жана жамаат мүчөлөрүнүн кепилдиктери жагындагы таламдарын билдирген бирден-бир өкүлү катары таанууга.

-Ушул жаматтык келишимдин шарттарын сактоого жана анын жоболорун аткарууга.